DOI:10.26104/NNTIK.2022.90.77.070

Чокоева Д.М.

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ПОДТЕКСТ МЕНЕН РЕМИНИСЦЕНЦИЯНЫН ТЕОРИЯЛЫК АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Чокоева Д.М.

НЕКОТОРЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ПОДТЕКСТА И РЕМИНИСЦЕНЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

D. Chokoeva

SOME THEORETICAL ISSUES OF SUBTEXT AND REMINISCENCE IN KYRGYZ LITERATURE

УДК: 821.512.154

Макаласынын киришүүсүндө автор: искусство чыгармасынын мазмунун түзүүгө эл, көпчүлүк чыгармачыл адамдар "катышаары" жөнүндө ой айтып, аны окумуштуу М.Бахтиндин теориясы, жазуучу К.Жусубалиевдин ой жүгүртүүсү менен, жана В.Шекспирдин чыгармачылыгынын тарыхынан айрым мисалдарды келтирүү менен бекемдеп берүүгө аракеттенет. Макаланын өзөгүн изденүүчүнүн: реминисценция менен подтексттин дефициялык ажырымын, кантип алар, дайыма айкалышып жанаша келип, бирок ошол эле учурда ар кимиси өз дефициясында кала берүү кубулушунун сырын изилдөөгө алган теориялык көз караштары түзөт. Корутундусунда: реминисценциясыз көркөм чыгарма жаратуу мурда да азыр да мүмкүн эместигин мисалдар менен көрсөтөт. Бул аспектиден изилдөөнүн зарылдыгынын себеби: улуттук адабиятта жаралган акыркы романдарда постмодернисттик ыкманы колдонууга өтүү кубулушу бар экендигинде деп көрсөтөт.

Негизги сөздөр: *реминисценция, подтекст, постмодернизм, кыргыз адабияты, теориялык маселелер, чыгармачылык, дефициялык ажырым.*

Во введении статьи автор говорит о том, что в создании содержания художественного произведения «участвуют» люди, наиболее творческие люди, и пытается подкрепить это теорией ученого М. Бахтина, размышлениями писателя К.Жусубалиева, и приводя некоторые примеры из истории творчества В. Шекспира. Стержнем статьи являются теоретические взгляды исследователя на дефиниционный разрыв между реминисценцией и подтекстом, на то, как они всегда идут рука об руку, но при этом остаются каждый в своем определении. В заключение: на примерах показано, что невозможно создать произведение искусства без воспоминаний (реминисценцией). Причина необходимости исследования с этой стороны заключается в том, что в отечественной литературе существует явление перехода к использованию постмодернистского метода в романах последних лет.

Ключевые слова: *реминисценция, подтекст, постмодернизм, кыргызская литература, теоретические вопросы, творчество, дефиниционный разрыв.*

In the introduction of the article, the author says that people, the most creative people, "participate" in the creation of the content of a work of art, and tries to support this with the theory of the scientist M. Bakhtin, the thoughts of the writer K. Zhusubaliev, and citing some examples from the history of W. Shakespeare. The core of the article is the researcher's theoretical views on the definitional gap between reminiscence and subtext, on how they always go hand in hand, but at the same time remain each in its own definition. In conclusion: the examples show that it is impossible to create a work of art without memories (reminiscence). The reason for the need for research from this side is that in Russian literature there is a phenomenon of transition to the use of the postmodern method in the novels of recent years.

Key words: *reminiscence, subtext, postmodernism, Kyrgyz literature, theoretical issues, creativity, definitional gap.*

Классикага айланып, түбөлүк жашап келаткан чыгармалардын көпчүлүгү жеке адамдардын чыгармачылыгынын жемиши катары эсептелип келет. Бирок, окумуштуу М.Бахтиндин чыгармачыл жеке личностко даяр материалды жеткирүүчү катары караган жери бар: "Произведение уходит своими корнями в далекое прошлое. Великие произведения литературы подготавливается веками, в эпоху же их создания снимаются только зрелые плоды длительного и сложного процесса созревания" ("Ответ на вопрос редакции "Нового мира"(1970). Мэтрдин айтканынан: ар бир улут өз адабиятын өзү гана жарата тургандыгын, жазуучу, акындар ошол даярдаган теманы, сюжетти, мотивдерди чагылдырыш үчүн табияттан ошого ылайыкталган өнөр (талант) менен төрөлгөн жандар экендигин түшүнүүгө болот. Албетте, муну менен жазуучунун инсандык касиетинин чыгарманы жаратуудагы ордун кемители деген оюбуз дегеле жок. М.Бахтин айткан: "даяр каймакты калпып алуу" үчүн дагы өтө терең жана бийик интеллект, чоң талант жана башка бир канча сапат-касиеттердин айкалышкан чогундусу бир адамдан (жазуучу же акындан) табылышы кажет. Ушу Бахтиндикине жакын ойду, гезитке берген интервьюларынын биринде кыргыз эл жазуучусу К.Жусубалиевдин дагы айткан жери бар [1]. Ал: топ теректин ичинен бир терек өтө көкөлөп өсүп кете турган болсо, ага анын тегерек-четиндеги өздөрү өспөй калган теректердин сөзсүз мааниси, орду бар. Чоң терек ошо көлөмгө жетиш үчүн тигилерден дагы сөзсүз азыктанган. Албетте, алардын өспөй калышына Чоң теректин эч кандай күнөөсү жок, болгону анын жолунан жолуккандын баарынан азыктанып, ошону "аш кылып" кете алган өзгөчөлүгүндө – дегендей маанидеги сөз болчу. Улуттук адабияттын мыктыларынын бири М.Гапаров тирүү кезинде "Ч.Айтматов анын бир идеясын алып алгандыгы" жөнүндө айтып жүрүп

өтүп кетти. Кыязы, анын маалыматы чын эле чоң интеллекттин "тегирменине" байкалбастан түшүп кеткендир... Айтылуу У.Шекспирдин ырларынын ичинен башкалардын миндеген саптары кездешчү экен. Болгону ал убакта "плагиат" деген түшүнүк жок болгондуктан, айтылуу акын жана драматург В.Шекспирди эч ким "ууру" деп күнөөлөбөгөндүктөн, анын чыгармачылыгы өз убагында ушун-чалык гүлдөп өнүгүптүр. Эң негизгиси, Шекспирдин ысымынын алдында канчалаган адамдардын адамзат аң-сезиминин өсүшүнө, адамдык сезимдердин дагы дааналанып ачылышына таасирин тийгизе ала турган ойлору бүгүнкү күнгө чейин жетти... Бул маселелерге токтолуп жатканыбыздын себеби, көркөм чыгарманын структурасындагы "чоочун сөз" маселеси жөнүндө сөз кылмакпыз. Адабият таануу илиминде мындай кубулуш "Реминисценция" деген термин менен айтылып келет. Анын кийинкилатын тилиндеги мааниси "эскерүү", "эске келтирүү", "эске салуу" дегенге туура келет. Реминисценция XX кылым ичинде негизинен психология, лингвистика, адабият таануу илимдери сыяктуу илимий тармактар тарабынан өздөштүрүлүп ишке салынган. Адабият таануу илиминде реминисценция проблемасынын пайда болушу изилдөөчүлөрдүн подтекст жана тексттин ортосундагы контакттарды изилдөөгө алуусу менен шартталган. Реминисценциянын подтекст менен жалпылыгы сөзсүз бар, бирок, анын өзү эмес. Себеби, реминисценция сөзсүз түрдө тексттеги ачык же жабык деңгээлдеги "чоочун" элемент жана анын функциясы чыгарманын түпкүрүндөгү семантикалык "айзбергдин" түрдүү деңгээлдеринин терминдик аталышы болгон подтексттен маанилик назик "көшөгөлөр" аркылуу, бирок олуттуу түрдө бөлүнүп турат. Реминисценция подтекст жаратышы мүмкүн, бирок, ошол эле учурда ал реминисценция дагы, демек, реминисценция ар кандай көркөм кубулуштарды жаралышына башкы мотив болуп берүүсү мүмкүн, бирок, дайыма өзүнүн терминдик дефициясында кала берет, себеби, аны башкалар менен аралаштырып жиберүү мүмкүн эмес. Анткени, ал тексттеги "башка сөз", бирок "башкалыгы" билинбей, таанылбай ("узнаваемости" и "неузнаваемости цитирования") кайсы бир мезгилдерге чейин, т.а. билимдүү окуучу же, абдан кылдат караган илимпоз жолукканга чейин калып калуу мүмкүндүгү бар. Ал автор тарабынан ар кандай максатта башка жактан атайы "чакырылган" же, бей-аң түрдө байкабай текстине киргизип алган "башка" элемент жана ал дайыма күчтүү "көмөкчү чарбанын" милдетин аткарат. Интеллектуалдык деңгээли бийик, жалпылоого жөндөмдүү личность гана реминисценцияны каалаган санда, ар түрдүү ыкмаларда ээн-эркин колдоно алат жана ошол эле учурда, алардын, автордун кийлигишүүсүз эле бейаң түрдө дагы текстке "кирип" алышаарын окумуштуулар белгилеп келатышат.

Улуттук адабият таануу илимибизде подтекст маселесин тереңден изилдеп келе жаткан адабиятчы, ф.и.д. А. Кадырмамбетова подтекст деген эмне деген суроого берген жообунун бир жеринде мындай деп жазат: "Подтексттик маанини жаратууда каармандардын речи менен катар бардык башка элементтер – каармандын ал-абалынан кабар берген портреттик штрихтер, пейзаждык коштоолор, интерьер, социалдык чөйрө, кырдаал да чоң роль ойнойт. Маселен, жогорудагыдай психологиялык абалды кыйытып да, каймана да, образдуу да, так, толук камтып айтууга мүмкүн эмес. Ал нерсе турмуштун "өзүндөгүдөй" айтылбай туруп айтылыш керек. Подтекстти пайдалануу өзгөчө психологиялык эффектиге ээ. Подтексттик ыкманын бирден-бир башкы касиети – ал окурманды дагы өзгөчө абалга келтирет, тагыраак айтканда көрүнүштөр жана сөздөр ага автор тарабынан кеңири түшүндүрүлгөндөн кийин эмес, персонаждардын өзүлөрү кылган иштеринин жана айткан сөздөрүнүн түпкү маанисин али мойнуна алгысы келбей турган моментте окурманды ал адамдардын кылган иштери менен сөздөрүнө баа берүүчү адамдын абалына келтирет. Каармандын ар бир табышмактуу кылык-жоруктары, сырдуу сөздөрү окуучуну ойлонуп окууга, окуянын жүрүшүнө үнүлүп кирүүгө аргасыз кылат. Окурман жөн эле кабылдоочунун ролунда кала бербестен, жазуучу менен бирге жаратуучулук ("сотворчество") ролго көтөрүлөт, каарман басып өткөн жолду басып өтүү менен улам бир сыр түйүндүн сырын ачууга кызыгат" [2]. Бул цитатага чейин окумуштуу А.Кадырмамбетова адам айланадагылардан өзүнүн сырын жашыргысы келгени менен ал "көзүнөнбү, сөзүнөнбү, же башка кыймыл-аракетиненби" баары бир бир жеринен билинип калат (ооба, чындыгында ошондой-Ч.Д.), көркөм тексттеги "подтексттик ыкма көркөм адабиятта мына ушул сыяктуу психологиялык процесстерди эмоционалдык чыңалуусунан жандырбай, ошол эле убакта окуучуну негизги ойдон адаштырбай финалга алып чыгууга керектелет" (ошондо) – дейт. Тактап айтканда, адам сырын акылы менен миң жашырса да болбой, психологиялык мандеми ачып салган сыңары, жазуучу каармандарынын психологиясын, кыймыл-аракеттерин нукура өзүндөй ачып бере алган учурда гана подтекст пайда боло тургандыгын түшүндүк. Албетте, мунун экинчи жагы, подтексттин мааниси окуучунун текстти кандай окугандыгына жараша ачыла турган жагдайы дагы бар экендиги белгилүү... Эми өзүбүздүн проблемага келсек, жогорудагы подтекстке берилген аныктамада анын реминисценцияга окшошкон жери жок го? деген суроо өзүнөн-өзү жаралат. Бир караганда чындап жоктой, подтекст менен реминисценция ат менен төөдөй айырмалуу түшүнүктөгү терминдердей сезилип кетет, бирок, биринчиден, эксплициттик реминисценция айрым окумуштуулар тарабынан подтекст катары таанылышы

мүмкүн. Чындыгында да ошондой болуп жана бул бир эле учурда подтексттик дагы, реминисценциялык дагы кубулуш болуп кала бериши мүмкүн. Анткени, подтексттик миң кырдын, реминисценция бир гана кыры болуп жатпайбы. Андан сырткары, окумуштуу подтекст боюнча жогорудагы тезисинин аягын "Окурман жөн эле кабылдоочунун ролунда кала бербестен, жазуучу менен бирге жаратуучулук ("сотворчество") ролго көтөрүлөт, каарман басып өткөн жолду басып өтүү менен улам бир сыр түйүндүн сырын ачууга кызыгат" деп бүтүрүп жатпайбы. Кеп көркөм тексттеги сыр түйүндөрдү негизги "түйүүчүлөрдүн" бири бул реминисценция экендигиндде. Кандайча? Мисалы, жазуучу С.Раев бир романын "Топон" деп атап жатат. Топон деген сөздүн кыргызча этимологиясы эгин сапырганда чыккан самандан кийинки (саман-топон) эң майда калдыктар, кыпындар топон деп айтылат. Бирок, романдын аталышы бул топонго байланыштуу эместигин ар бир кыргыз билет, анткени, ар бирибиз семиттик диндердеги (иудаизм, христианчылык жана исламдагы) "топон суу" жөнүндөгү эпизод (притча) менен жакшы таанышпыз, ошондуктан, Раевдин чыгармасынын аталышы, дароо эле ар бирибиздин аң-сезимибизде, ошол, жер жүзүнө кыямат-кайым чакырган "топон суу" менен ассоцияланаары белгилүү. Романын "Топон" деп атап, диний түшүнүктү "эске түшүрүү" менен жазуучу окуучуга керектүү эмоцияны чакыра алды. Эми көптөгөн адамдардын ар кимиси ар кандай максатта китепке кызыгуусу артаары бышык. Анткени, С.Раев кыргызстанга башы көрүнгөн жазуучу, ал "топон суу" жөнүндө эмне айтаарына кызыккан адамдар эл ичинен четтен чыгышы мүмкүн. Албетте, адамдарды тарыхта калган "топон суу" эмес, келечекте ал кайталанабы, жокпу деген сыяктуу жана башка бүгүнкү күндөгү динге байланыштуу түшүнүксүз маселелер боюнча жазуучу С.Раев кандай ойлоноору кызыктыраары айгине. Ошентип, бул экинчи деңгээлдеги, тактап айтканда, башка элдик маданияттан келген реминисценция, ал аркылуу адамдардын эс-тутумунда кайра жаңырган притчанын мазмуну биздин оюбузча подтексттик функция аткарып калды. Ошентип, ушу жерден реминисценция менен подтексттин дефициялык ажырымы даана көрүнүп жатат. Реминисценция ассоцация чакыргыч, ассоциянын мазмуну болсо подтекстке өтүп кетип, чыгарма жөнүндө жогоруда айтылгандай алгачкы кабарларды жеткирип турат. Мисалга, "Эрте келген турналар" деген аталыш реминисценцияга жатабы? Менимче, улуттук реминисценцияга жатат. Анткени, бул да "даяр" текст. Кыргызстандыктар үчүн турналар келгин куштарга кирет. Ошондуктан, турналардын эрте же кеч келиши жана алардын кайтышы боюнча калыптанган түшүнүктөр, ал түшүнүктөрдү чагылдыруучу фразалар, сөз айкалыштары бар. Жазуучу дал ошол даяр калыптанган фразаны колдонуп жаткандыктан, ал окуучуда бир канча элестерди "эске түшүрүп" ассоцияларды чакырат. Ошолорду түзмө-түз же ар кандай перефразалоо жолдору менен колдонулган аталыштарды реминисценцияга кошуу максатка ылайыктуу. Анткени, жогоруда айтылгандай булар "эске түшүрүү", "эске салуу" функциясын аткарып, белгилүү бир кубулушту эске салуу менен чыгарманын мазмунунан алдын-ала кабар берип турат. Ошентип, "Эрте келген турналар" жазуучу Ч.Айтматовдун аты уйкаш повестинде реминисценция дагы, символика дагы. Символика катары "эрте жетилген" муунга ишараат кылып турат. Мындай аталыштардын катарына: "Атадан калган туяк", "Саманчынын жолу" сыяктуу даяр фраза-реминисценциялар кирет. Реминисценция болуш үчүн: мурда кайсы бир текстте колдонулуп, ал көпчүлүктүн аңсезимине сиңген түшүнүктү башка бир жазуучунун, акындын, драматургдун (ошондой эле композитордун же сүрөтчүнүн) өз чыгармасында кайталап колдонгону реминисценция болот. "Слово "реминисценция" – это искусствоведческий термин. Употребляют его тогда, когда в одном художественном тексте обнаруживают цитату из другого художественного текста (и не только из художественного текста - Ч.Д.). Причём чаще всего речь идет о неточных цитатах, которые только напоминают читателю (зрителю, слушателю) о каких-то других авторах или их текстах-предшественниках" - дейт Евгения Абелюк. Появление реминисценций в художественном тексте никогда не бывает случайным. "Используя чужой текст, художник как правило, полемизирует с его создателем или, напротив, присоединяется к тем мыслям, которые были высказаны до него. В любом случае реминисценция оказывается средством расширения смысла произведения" [3]. Жазуучунун реминисценцияны колдонуу жана анын проблемасын изилдөө, жазуучунун өз окуучусуна берейин деген идеяларын, айткысы келген ойлорун жана анын чыгармачыл жан-дүйнөсүн, психологиясын, аны кыйнаган көйгөйлөрдү, дүйнө таанымын, этикалык принциптерин, эстетикалык табитин тереңдетип ачууга жардам берет. Биз, реминисценциялык аспекттен изилдөөгө көңүл буруп жатканыбыздын себеби: кийинки кезде жазылган бир канча романдардын авторлору өз чыгармаларында аң-сезимдүү түрдө, а кээде бей-аң түрдө реминисценцияларды жыш колдонушкандыгында. Мындай кубулушка биринчиден ааламдашуу ("бүт дүйнөнүн бир чоң айылга айлануусу") процесси себепкер болсо, экинчиден, улуттук профессионалдык адабиятыбыз акырындык менен постмодернисттик ыкмага көбүрөөк ыктап бараткандыгы себеп болууда. Адабиятчы, ф.и.д. Д.Ж. Асакеева постмодернисттик көркөм методдун негизги өзгөчөлүктөрү катары: интертекстуалдуулукту; жанрдык жана стилдик синкреттүүлүктү; өткөн доордун маданиятына ой жүгүртүүчүлүк мамилени;

коллаждуулукту; массалык маданият менен элитардык адабият, детектив, сентименталдык роман жана философиялык притча; бийик стиль жана өтө жөнөкөй жаргондук речь, так берилген тарыхый реализм баары аралаш түрдө, азыркы тил, персонаждын жаңыча жүрүш-турушу; сюжеттерди, каармандарды өтө ашыкча колдонуу деп белгилеп келип, "... кээде башка чыгармалардан, классикалык чыгармалардан өткөн жыл же доорлорду бүтүндөй бою алуу, колдонуу" деп, реминисценциянын бир кырынын өзүн айтып өтөт [4]. "Көркөм адабиятта постмодернизмди центон (латынча "курак төшөк" дегенди билдирет) деген өзгөчө жанр, анткени мындай жанрдагы чыгармалар жалаң гана цитаталардан турат деп да жүрүшөт" (ошондо). Ошондой эле төмөндөгүдөй: "Следует отметить, что современная культура постмодернизма практически полностью строится на реминисценциях, превращая привычный для нас художественный текст в интертекст, текст, сотканный из образцов предшествующей и окружающей культуры" - деп, түз эле постмодернизм ыкмасынын негизги өзгөчөлүгү "алдыдагы жана айланадагы маданияттардын тексттеринен токулган интертексттүүлүк" деп жазып салгандар да жок эмес. Келтирилген мисалдар аркылуу айтайын дегенибиз, акыркы мезгилде пайда болгон бул романдар: Ч.Айтматовдун "Кыямат", "Кассандра эн тамгасы", "Тоолор кулаганда", К.Акматовдун "Архат", С.Раевдин "Жан жаза", "Топон", А.Койчуевдин "Бакшы жана Чыңгыс хан" - улуттук адабиятыбызда дүйнөдөгү ушундай тенденциялардан таптакыр четте калбагандыгын көрсөтөт жана реминисценциялык аспектиден изилдөөгө алынууга тыкыр зарылдыкты жаратып турушат.

Бирок, реминисценцияны көбүрөөк колдонууга баарынан мурда жазуучунун бийик интеллекти түрткү болгондугун көңүлдөн чыгарбоо керек. Мисалы, орустун белгилүү жазуучусу И.С.Тургеневдин "прозадагы ырлар" циклиндеги реминисценция жана автореминисценция боюнча коргогон кандидаттык диссертациясында Т.Б.Трофимова минтип жазат: " ... Эта тургеневская черта проявляется, главным образом, через сквозные темы и мотивы, постоянные образы, превращающиеся в символы, переходящие из одного произведения в другое, своего рода "авторские реминисценции", которые помогают глубже понять их философский смысл, обозначить их роль в творчестве, определить их значение для понимания мировоззрения и мировосприятия писателя. Конечно, анализ некоторых "автореминисценций" и различных реминисценций не позволяет полностью раскрыть всё многообразие творческого мира писателя, его художественного мышления, его философских взглядов, но всё-таки делает возможным более полное и глубокое изучение творчества Тургенева, его писательскую индивидуальность" [5] деп, автордук кругозордун кенендиги, аны ары-бери чабыттап, өзүнүн адамзатка айтайын деген оюн болушунча тереңдетип жана масштабдуу берүү максатында дайыма эле ар түрдүү ыкмалардын катарында реминисценцияны да колдонуп келгендигин, ал эми бүгүнкү кырдаал болсо, реминисценцияны колдонууну тоталдуу методго айлантууга шарт түзүлгөндүгүн көрсөтүп тургандыгын аныктоого аракет кылдык.

Адабияттар:

1. Жусубалиев К. Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар. / Асаба. Баш редактор М.Эшимканов менен маек.
2. Кадырмамбетова А. Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. - Б., 2009. - 367-б.
3. Абелюк Е. Реминисценция и их значение в художественном тексте (на материале произведений Г.О. Мандельштама и В.Шаламова). / https://shalamov.ru › research
4. Асакеева Д.Ж. Адабият теориясы Б.: 2016. - 283-284-бб.
5. Трофимова Т.Б. Литературно-философское реминисценции и автореминисценции в цикле "Стихотворение в прозе. / И.С. Тургенева: К проблеме поэтики" булак: https:/ / lavkapisateley.spb.ru./ https://lavkapisateley.spb.ru/enciklopediya/t-267/trofimova.